*DOI:10.26104/NNTIK.2022.91.92.071*

*Жолдошова З.Г., Худайназарова Ю.Б.*

# АНГЛИС ТИЛИ САБАГЫНДА КОЛДОНУЛУУЧУ ЗАМАНБАП ТЕХНИКАЛЫК КАРАЖАТТАР

*Жолдошова З.Г., Худайназарова Ю.Б.*

# СОВРЕМЕННЫЕ ТЕХНИЧЕСКЕСКИЕ СРЕДСТВА ИСПОЛЬЗУЕМЫЕ НА УРОКАХ АНГЛИЙСКОГО ЯЗЫКА

*Z. Zholdoshova, Yu. Khudainazarova*

# MODERN TECHNICAL MEANS USED IN ENGLISH LESSONS

*УДК: 378*

*Бул макалада англис тилин окутууда маалыматтык технологияларды колдонуу мүмкүнчүлүктөрү каралды. Заманбап компьютердик техникалык каражаттары жана алардын ар кандай тармактарда маалыматтарды таркатуу каражаты катары колдонулушу адамзат ишмердүүлүгүндө жаңы мүмкүнчүлүктөрдүн пайда болушу жөнүндө айтылды. Окутуу процессинде да жаңы маалымат технологияларын колдонуу маселелери тез-тез көтөрүлүп жаткандыгы,буга жаңы техникалык каражаттар гана эмес, окутуу усулдарынын жаңы формалары, окутуу процессине болгон жаңы мамилелер да киргендиги аныкталды. Англис тилин орто мектептерде окутууда негизги максаты болуп мектеп окуучуларында англис тилин практикалык окутуу менен кошо коммуникативдик маданиятты калыптандыруу жана өнүктүрүү жөнүндө жазылды. Англис тили сабагында техникалык каражаттардын колдонулушу жана алардын натыйжалары боюнча эксперттердин ою айтылды. Жыйынтыктап айтканда, окуу процессинде окуунун техникалык каражаттарын колдонуунун пайдасы жөнүндө жыйынтык чыгарылды.*

***Негизги сөздөр**: компьютердик технологиялар, окутуу каражаттары, программалар, англис тилин окутуу, окутуунун усулу, коммуникативдик окутуу, сабак, мугалим, окуучу*

*В данной статье рассматриваются возможности использования информационных технологий в обучении английскому языку. Отмечается, что современные компьютерные технологии и их использование в качестве средства распространения информации в различных сферах создают новые возможности в деятельности человека. Установлено, что часто поднимается вопрос об использовании в учебном процессе новых информационных технологий, в том числе не только новых технических средств, но и новых форм методов обучения и новых подходов к учебному процессу. Основной целью обучения английскому языку в общеобразовательной школе является формирование и развитие коммуникативной культуры, в том числе практическое обучение школьников английскому языку. Эксперты прокомментировали использование технических средств на уроках английского языка и их результаты. В заключении сделан вывод о пользе использования средств обучения в учебном процессе.*

***Ключевые слова**: компьютерные технологии, средства обучения, программы, обучение английскому языку, методика преподования, коммуникативное обучение, урок, учитель, ученик.*

*This article discusses the possibilities of using information technology in teaching English.It is noted that modern computer technologies and their use as a means of disseminating information in various fields create new opportunities in human activity. It is noted that the question of the use of new information technologies in the educational process, including not only new technical means, but also new forms of teaching methods and new approaches to the educational process is often touched upon. The main goal of teaching English at secondary schools is the formation and development of a communicative culture including the practical teaching of English to schoolchildren. The experts commented on the use of technical means at English lessons and their results. And the conclusion is made on the benefits of using teaching aids in the educational process.*

***Key words**: computer technology, teaching aids, programs, teaching English, teaching methods, communicative learning, lesson, teacher, student.*

Ар бир мугалим өзүнүн сабагын окуучуларга кызыктуу, жеткиликтүү, көркөм жана таасирдүү өтүү менен максатуу окутуунун натыйжасына жетүүнү каалайт эмеспи. Окутуунун максатына жетүү үчүн сабакка тиешелүү окуу каражаттарын туура тандап колдонуу тапшырмасы турат. Себеби окуучулардын сабакты өздөштүрүүсүндө, англис тили мугалими тарабынан сабактын усулунун туура тандалуусу жана колдонулуучу каражаттардын туура пайдалануусу чоң роль ойнойт. Ал эми окутуунун каражаттары англис тилин окутууда мугалим менен окуучунун алдына койгон максатына жетүүчү жол десек болот.

XXI кылым – маалымат технологияларынын кылымында билим берүүдө компьютердик технологиялардын колдонулушу өзгөчө чоң мааниге ээ. Заманбап компьютердик техникалык каражаттары жана алардын ар кандай тармактарда маалыматтарды таркатуу каражаты катары колдонулушу адамзат ишмердүүлүгүндө жаңы мүмкүнчүлүктөрдүн пайда болушуна шарт түздү. Окутуу процессинде да жаңы маалымат технологияларын колдонуу маселелери тез-тез көтөрүлүп жатат. Буга жаңы техникалык каржаттар гана эмес, окутуу усулдарынын жаңы формалары, окутуу процессине болгон жаңы мамилелер да кирет. Англис тилин орто мектептерде окутууда негизги максаты болуп мектеп окуучуларында англис тилин практикалык окутуу менен кошо коммуникативдик маданиятты калыптандыруу жана өнүктүрүү болуп саналат. Сабакта ар бир окуучунун активдүүлүгүн активдештирүү, алардын чыгармачылык активдүүлүгү үчүн жагдайларды түзүү керектелет. Заманбап шарт-

тарда студенттердин маалыматтык технологияларга болгон зор жана олуттуу кызыгуусун эске алуу менен, бул мүмкүнчүлүк англис тили сабагында мотивацияны өнүктүрүү куралы катары колдонулушу мүмкүн.

Англис тилдерди окутуунун каражаттары төмөндөгүдөй төрт аспект боюнча классификацияланат:

1. Окуу-тарбиялоо процессиндеги ролу боюнча негизги жана жардамчы каражаттар деп экиге бөлүнөт;

2. Тиешелүүлүгү (дареги) боюнча – мугалимдердин окуу каражаттары жана окуучунун окуу каражаттары деп экиге бөлүнөт;

3. Байланыш каналдары боюнча үчкө бөлүнөт – угуу, көрүү, угуу жана көрүү каражаттары;

4. Техникалык каражаттарды колдонуусу боюнча – техникалык жана техникалык эмес (салттуу) [1, 38-б.].

Биздин тапшырма орто мектептерде англис тили сабагын окутууда жаңы маалымат технологияларын туура жана максатуу пайдалануу болуп саналат. Компьютер бир топ функцияларды аткарат, көбүнчө аны искусстволук интеллектке салыштырышат. Педагогикалык жаатта жаңы маалымат технологиялары кенен перспективалык жолду ачып берет. Адистердин айтымына караганда жаңы маалымат технологияларынын окуу-педагогикалык процессте колдонулушу педагогиканын теориясында жана практикасында сапаттуу жаңы этаптын ачылышына өбөлгө болот. Психологдор адамдын угуу мүмкүнчүлүгүнө караганда көрүү мүмкүнчүлүгү маалыматтарды кабыл алууда күчтүү экени айтылган. Көз бир секундада миллиондогон маалыматты кабыл ала алат, ал эми угуу аркылуу 10 миңге чейинки маалыматты кабыл алып эске сактап бере алат дешет. Демек психологдордун тыянагына караганда көрүү аркылуу көп маалымат алынат жана адам эсинде да тез кабыл алынып, көпкө сакталат. Бекеринен «Миң уккандан, бир көргөн» деп элибизде да айтпаса керек. Көрүү, угуу органдары – окутуу процессинде маалыматты кабыл алуучу, эстеп калуучу функцияны аткаруучу негизги органдарга кирет [2, 88-б.]. Бирок англис тилин окутууда мугалимдин сүйлөө речи негизи маалымат берүүчү булак болуп кала берет. Мугалим балдарга сабак өтүүдө угуу жана угуу-көрүү арсеналын маалымат берүүчү каражат катары пайдаланышы керек.

Орус физиологу И.П. Павлов «Бул эмне» деген багыт берүүчү рефлексти ачкан. Эгерде адамдын көз алдына кандайдыр бир объект жолукса, адам аны байкап, бул эмне экенин кызыгып көрүп баштайт эмеспи. Ошондой эле кандайдыр бир үндү угуп калса да анын эмне экенин дароо билигси келип жооп издеп баштайт. Окуучуларда да англис тилин үйрөтүүдө ушул рефлексти козгоп багыт берүүчү маалыматтар менен иштешибиз керек. Бул учурда маалыматты так жана даана көрсөтүү маалымат технологиялары окуучулардын көрүү жана угуу анализаторлорунун мүмкүнчүлүгүн колдонууга жардам берет. Жаңы маалымат технологияларында окутуу процессинде угуучу каражаттарын колдонуу үчүн атайын тренажерлер, компьютердик программалар бар.

Англис тилин окутууда ар кандай сөз үйрөтүүчү үн жазгычтыктарды, музыканы уктуруу аркылуу окуучулардын көңүл буруу, угуу, элестетүү ж.б. көндүмдөрүн калыптандырууга болот. Кээ бир компьютердик оюндардагы анимация, музыка, кызыкуу сюжеттүү тексттер аркылуу класстагы окууга көңүл бөлбөгөн, оюнга берилген окуучулардын көңүлүн бурууга болот.

Англис тилдүү булактарда окутуунун техникалык каражаттарын аудиовизуалдык каражаттар деп аташат. Алар катуу (hardware) жана жумшак (soft ware) болуп бөлүнүшөт. Катуусуна магнитафондор, проекторлор, телевизорлор, компьютерлер кирет. Ал эми жумшак бөлүгүнө грампластикалар, магниттик ленталар, магниттик жана оптикалык дисктер, кинофильмдер ж.б. кирет.

Англис тили сабагында техникалык каражаттар аркылуу көрсөтмө куралдардын чагылдырылышы окуучуларда материалдык элестеттүү мүмкүнчүлүгүн түзөт. Көрсөтмө куралдар окутуу процессинде ар кандай этаптарында колдонулат: мугалимдин жаңы теманы түшүндүрүүсүндө, сабакты бышыктоосунда, сабакты кайталоо учурунда, үй тапшырмасын текшерүү учурунда ошондой класстан тышкаркы иштерде. Албетте көрсөтмө куралдар окуу программасынын, окуучулардын жаш курагына ылайык болуу менен бирге кандайдыр бир илимий, эстетикалык, санитардык-гигиеналык, техникалык коопсуздук жана экономикалык талаптарга жооп бериши керек. Көрсөтмө куралдар мазмуну жана мааниси, жасалуу технологиясы боюнча ар түрдүү болушат. Аларды эки негизги группага бөлүшөт: **натуралдуу көрсөтмө куралдар** (жаратылыш жана өндүрүштүк объектерден жасалаган) жана **техникалык (**техниканын жардамы менен жасалган) көрсөтмө куралдар.

Көрсөтмө куралдарды чагылдыруу эки жолго бөлүнөт. Алар предметтерди жана көрүнүштөрдү **образдуу** чагылдыруу (моделдер, муляждар, картиналар, иллюстрациялар, таблицалар ж.б.) жана **схематикалык** чагылдыруу (карталар, схемалар, дигараммалар ж.б.) деп аталат [3, 75-б.].

Кээ бир көрсөтмө куралдарды атайын кутучаларга салышып бетин бекем жаап, атайын шкафтарда караңгы жерлерде сакташат. Буларга кургатылган натуралдуу каражаттарды, мисалы дарактардын жалбырактары, козу карындардын жана зыянкеч курт-кумурскалардын кургатыган гербарийлерин сактоо да өзгөчө жоопкерчиликтүү мамилеге ээ эмеспи. Буларды албетте сактоо да бир топ маселени жаратат. Ошондуктан аларды компьютердик технологиянын негизинде эле балдарга чагылдырып көрсөтсө болот.

Англис тилин окутуудагы техникалык каражаттар жана көрсөтмө куралдар окуучулардын салыштыруу, талдоо, тыянак чыгаруу жөндөмдөрүн өнүктүрүүгө жардам берет деп ойлойм, анткени визуалдаштыруунун ар кандай формаларында изилденүүчү объектилердин ар кандай бурчтарын берүүгө, окуучулардын туура эмес ой жүгүртүүсүн логикалык жыйынтыкка жеткирүүгө, бул өтө ынандырарлык, бирок мугалимдин айтканына дайыма эле жете бербейт.

Жогорку окуу жайларында англис тили профилинде билим алган студенттер педагогикалык практикада салттуу да, заманбап да техникалык каражаттарды кесиптик-чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүүдө колдоно алышат. Техникалык каражаттар аркылуу ар кандай окуу куралдарын кеңири колдонууга мүмкүнчүлүк түзүлөт. Компьютердик техникалык каражаттардын жардамы менен окуучулар тапшырманы формулировкалап, сабактын материалын өздөштүрүүнүн оптималдуу вариантын аныктап, үйрөнгөн нерсесине каалаганча кайрылып, колдоно алышат. Психолог тарабынан жүргүзүлгөн изилдөөлөр көрсөткөндөй, компьютер менен иштөөдө студенттер маселени маңызына тереңирээк кирип, предметке кызыгышат, окуу-техникалык адабияттарды активдүү колдонушат. Графикалык каражаттар, музыкалык фрагменттер же музыкалык фон чыңалууну жеңилдетет, эстетикалык тарбияга салым кошот. Компьютер менен иштөө балдарга өз ишмердүүлүгүн пландаштыруу, жоопкерчиликтүү чечим кабыл алуу жөндөмүн өстүрөт. Компьютер барган сайын коммуникативдик түзүлүштүн ролун ойной баштап, локалдык жана глобалдык тармактарды колдонуунун жаңы педагогикалык мүмкүнчүлүктөрүн ачып жатат. Психологдор компьютер менен көп баарлашкан мектеп окуучуларында курчап турган дүйнө жөнүндө башка идеялардын калыптанышын, алардын убактысын уюштуруунун жана башкалар менен мамиле түзүүнүн жаңы ыкмаларын иштеп чыгууну жазышат. Бирок, экинчи жагынан көптөгөн терс жактары бар. Мисалы көптөгөн окутуу программалары так эмес, анкени аларды иштеп чыгуучулардын билим алуу психологиясын жана анын жаш өзгөчөлүгүн билбегендигинен же жетишсиз түшүнүктөрдөн, алардын педагогикалык даярдыгы начар. Программаларды түзүүдө ар бир окуучунун жекече өзгөчолүктөрүн ар түрдүүлүгүн жана адамдын ой жүгүртүүсүнүн оригиналдуулугун эске алуу кыйын. Окуу процессинин бардык функцияларын компьютерге өткөрүү мүмкүн эмес, өзгөчө максат коюу, мотивацияны калыптандыруу, дүйнө тааным жана баалуулук мамилелери. Компьютерлер билим берүү функцияларын аткарыш үчүн аз колдонулат. Билим берүүдө адамдардын жандуу баарлашуусу, көйгөйлөрдү түз талкуулоо зарыл.

Интернет жана компьютер бул максат үчүн атайын ойлоп табылбаган жана биринчи кезекте башка функцияларды аткарган чет тилдерин окутуунун техникалык каражаттарынын катарына кирет. Бирок, алар өздөрүнүн зор потенциалы менен практик мугалимдердин жана методистердин көңүлүн бурат. Практика көрсөткөндөй, компьютердик программалар салттуу окутуу ыкмаларына караганда көптөгөн артыкчылыктарга ээ. Бул өз алдынча ишмердүүлүктү, окууну индивидуалдаштыруу, когнитивдик активдүүлүктү жана окууга мотивацияны жогорулатуу, ошондой эле чет тилине кызыгууну ойготуу.

**Адабияттар:**


1. Ийсабаева А.Ж., Иманкулова И.Ж. Чет тилин окутуунун усулу. - Б., 2019. - 38-б.
2. Утробина А.А. Методика преподования и изучения иностранного языка. Конспект лекций. - М., 2006. - 88-б.
3. Коджаспирова Г.М., Петров К.В. Технические средства обучения и методика их использования. - М.: Академа, 2001.
4. Мараш-Оглу Ш.В., Жолдошева З.Г. К проблеме отмирания и сохранения языков / Ш.В Мараш-Оглу. / Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. - Б., 2016. - №8. - Ч. 1. - С. 88-90. http://science-journal.kg/ru/journal/ 1/2015/11/
5. Толубаев Ж.О., Мавлянова К. Математиканы окутууда окутуунун жаңы технологияларын колдонуунун орду. / Ж.О. Толубаев. / Известия вузов Кыргызстана. - Бишкек, 2021. - №3. - С. 26-30. http://science-journal.kg/ru/journal/2/ 2021/3/